КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
ТАМГА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
ТАМГИНСКИЙ АЙИЛЬНЫЙ КЕНЕШ

Эл депутаттарынын Тамга айылдык Кеңешинин XXVIII чакырылышынын XVI кезектеги сессиясынын

# ТОКТОМ

**2023-жылдын 27-январы № 3 Тамга айылы**

## Тамга айылдык аймагынын жер пайдалануу картасынын № 116-контурундагы 72,2 гектар жер аянтын трансформациялоо жөнүндө.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 18-ноябрындагы "Кыргыз Республикасында туризмди өнүктүрүүнү колдоо фонду" ачык акционердик коомуна Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Тосор айылындагы жер участогун жана сейил багын берүү жөнүндө» № 640-Токтомунун негизинде, Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын 2022-жылдын 19-январындагы корутундусунун негизинде, Тамга айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги XIV сессиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 18-ноябрындагы Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Тосор айылындагы жер участогун жана сейил багын берүү жөнүндө» №640-Токтомунун негизинде, Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын 2022-жылдын 19-январындагы корутундусунун негизинде Тамга айыл өкмөтүнүн жер пайдалануу картасынын № 116*-чөйрө сызыгындагы 72,2 га жер тилкеси «өзгөчө корголуучу жаратылыш аймагындагы жер тилкеси» категориясынан «өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, коргонуунун, энергетиканын жерлери жана башка багыттагы жерлер» категориясына которулуусуна макулдук берилсин.

2. "Кыргыз Республикасында туризмди өнүктүрүүнү колдоо фонду" ачык акционердик коомуна Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 18-ноябрындагы №640-Токтомунун негизинде берилип жаткан Тамга айыл өкмөтүнүн жер пайдалануу картасынын № 116*-чөйрө сызыгындагы 72,2 га жер тилкеси ***үчүнчү тараптарга бөлүнбөстөн жана сатылбастан,*** мамлекеттик менчик катары бекитилсин жана Тамга

айыл өкмөтүнүн же р пайдалануу картасынын № 116*-чөйрө сызыгындагы 72,2 га жер тилкесине эр аралык спорттук комплексти курууну жана сейил бак-пляждык зонаны көрктөндүрүүнү каржылоо “Кыргыз Республикасында туризмди колдоо Фонду” ААКтын уставдык капиталында каралган каражаттардын чегинде жана “Кыргыз Республикасында туризмди колдоо Фонду” ААКу тарткан гранттык, зайымдык жана кредиттик каражаттардын эсебинен ишке ашырылары эске алынсын.

3. Бул токтомду Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгынан каттоодон өткөрүү жагы Тамга айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Н.Шабданбаевага тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин жер жана агрардык маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Т.Баямановго тапшырылсын.

**Төрага** **А.А.Букаров**